# Махабатым

Сөзү:Кожогулов Атахан
Обону: Бектенов Турат

Татына жылмаясың,
Талпынтып ыр канатын.
Байланып кирпигиңе,
Бакыттай бир карашын.
Кайырма:
Махабатым, махабатым,
Гүл болуп ыргаласың.
Күн болуп нурданасың,
Жашоодо жакшы обондой.
Алтын чач, мөл булагым,
Тамчыдан көл курадың.
Кумарлуу көл жээгинде,
Кубанып мен турамын.
Кайырма:
Сен үчүн жандырамын,
Сезимдин шам чырагын.
Ыйбалуу наздыгыңды,
Ырыма калтырамын.
Кайырма: